Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ ФЕВРАЛЬ'23 / №88-САНЫ WWW.MANAS.EDU.KG




# Кыргызстандан боордош Түркияга жардам

Түркияда катуу жер титирөөнүн кесепетинен өлкөнүн 11 облусу жабыркап, 50 миңге чукул жаран каза болду. Бир күндө бир эле аймакта катталган 7,6 жана 7,7 баллдык жан кейиткен зилзала чоң кыйроолорду алып келди. Өлкөнү кайгыга батырган оор күндө биринчилерден болуп Кыргызстан боордош элге жардамын сунуп улантууда.




## Прогрессивдүү алты кесиптин адистерин даярдаган инженердик факультет

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин инженердик факультети учурдагы прогрессивдүү делген алты кесип боюнча адистерди даярдап келет...




## Жаңычылдыкка умтулган спорт илимдери факультети

Учурда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) спорт факультетинин 50дөн ашык студенти спорт чебери, ал эми 60тан ашууну спорт чеберчилигине талапкер...




## "Мүмкүнчүлүктөргө толо заманда жашап жатып, бош отуруу айып"

Айдай Максатбекова мындан бир канча ай мурун Бишкек шаарында англис тилиндеги алгачкы китеп дүкөнүн ачкан. Ал жакында эле Германиянын Франкфурт шаарында өткөн китеп...




## Айсулуу Тыныбекова салган чыйыр жолду улаган Кайыркүл

Айсулуу Тыныбекова – кыргыз спортундагы кыз-келиндер арасында беш жолу менен саналчу чемпиондордун бири. Кыргызстандын туусун желбиреткен, кыздар арасында...



# Кыргызстандан боордош Түркияга жардам

*Түркияда катуу жер титирөөнүн кесепетинен өлкөнүн 11 облусу жабыркап, 50 миңге чукул жаран каза болду. Бир күндө бир эле аймакта катталган 7,6 жана 7,7 баллдык жан кейиткен зилзала чоң кыйроолорду алып келди. Өлкөнү кайгыга батырган оор күндө биринчилерден болуп Кыргызстан боордош элге жардамын сунуп улантууда. Кырсыктын биринчи күнүнөн тартып Бишкектен 187 адамдан турган издөө-куткаруу тобу, 100дөн ашуун боз үй, 20 медицина кызматкери жиберилип, элге материалдык жана моралдык жардам көрсөтүлдү. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде жабыр тарткан адамдарды колдоо акциялары уланууда.*

**Президент Садыр Жапаров көңүл айтты**

Кыргыз Республикасынын президенти Садыр Жапаров Түркиянын Бишкектеги элчилигине барып, зилзаладан каза болгондорго байланыштуу көңүл айтты. Өлкө башчы көңүл айтуу китебине мындай деп жазды:

"Жалпы кыргыз элинин жана жеке өзүмдүн атымдан каза болгон боордошторубуздун жакындарына, туугандарына терең кайгыруу менен көңүл айтам. Жер титирөөдөн жараат алгандардын тез арада сакайып кетишин тилеймин! Бүгүнкү күндө сандаган имараттар кыйрап, анын курмандыгына айланган миңдеген түрк боордоштору үчүн жамы кыргыз журтунун жүрөгү сыздап турат. Сиздердин кайгыңыздар – биздин да кайгыбыз! Биздин жүрөгүбүздө түрк элинин, Түркиянын орду чоң."

**Кыргызстанда жардам берүү акциясы уланууда**

Жер силкинүүдөн кийин расмий Анкаранын Бишкектеги элчилиги жардамдарды кабыл ала баштады.

Аталган элчиликтин социалдык тармактагы баракчаларында жарыяланган кайрылууга ылайык, көмөкчү болууну каалагандар элчиликке кайрылса болот.

Кыргызстандын президентинин басма сөз кызматы тараткан билдирүү боюнча, жапа чеккендерге каражат топтоо үчүн "Айыл Банкта" бирдиктүү эсеп ачылды.

Кыргызстандын бардык мамлекеттик органдарынын кызматкерлери бир күндүк маяналары которушту.

**Кыргыз муфтиятынан жабыркагандарга акчалай жардам**

Кыргызстандын Мусулмандар дин башкармалыгы чогулган 3 миллион 667 миң түрк лирасын өкмөт ачкан эсепке өткөрдү. Муну менен бирге бир тууган түрк элине багышталып, мечитттерде жана медреселерде 46 миң 260 хатым окулуп, 4444 жолу салават айтылды.

**Ахыска түрктөрүнөн колдоо**

Кыргызстанда жашаган Ахыска түрктөр коому тарабынан акчалай 42 миң АКШ доллары чогултулуп, банк эсебине которулду. Буга кошумча, ассоциациянын кайрымдуулук иштеринин алкагында Бишкектеги түрк элчилигине 100 жууркан, кышкы кийим, байпак, бут кийим өңдүү зарыл буюмдар жеткирилди.





**Уйгур бир туугандардын кайрымдуулугу**

Үрөйдү учурган окуядан улам Уйгур диаспорасы Түркиянын Бишкек элчилигине келип көңүл айтышты. Боордош түрк эли үчүн 95 миң доллар жардам көрсөтүштү.

Борбордогу «Мадина» базарында иштеген уйгур туугандарыбыз да жардам катары 40 миң доллар чогултуп беришти.

**Каржы министирлиги ачкан эсепке 746 миң 400 доллар түштү**

Түркиянын тарыхындагы бир эмес, эки кейиштүү апааттын кесепетинен жабыркагандарга жардам берүү Кыргызстанда алгачкы күндөн токтоосуз уланууда. Каржы министирлиги атайын ачылган банктык эсепке 746 миң 400 доллар (14 миллион лира) түшкөнүн жарыялады.

**Кыргызстандын издөө-куткаруу тобу Түркияда**

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен жер титирөөнүн кесепеттерин жоюуга жана издөө-куткаруу иштерине катышуу үчүн Өзгөчө кырдаалдар министрлигинен 63 куткаруучу жана атайын үйрөтүлгөн 2 ит жөнөтүлдү.

Ага кошумча Туркияга 100 куткаруучу, 6 медицина кызматкери, 25 чатыр, 1 көчмө госпиталь, 160 боз үй жеткирилди. Ал эми 12-февралда дагы 80 куткаруучу, 3 дарыгер жана 78 боз үй Түркияга жиберилди. Кийин дагы кошумча 49 боз үй жана гуманитардык жардам жеткирилди.

**Баткен: "Аялдар жана өнүгүү" фонду акчалай жардамын тапшырды**

Баткен облусунун Самаркандек айылынын «Аялдар жана өнүгүү» фондунун жетекчилери Нарзехан Раджабова жана Гүлбара Сулайманова Бишкектеги түрк элчиси Ахмет Садык Доганга терең кайгыруу менен көңүл айтышты. Алар айылдын аялдары чогулткан 117 643 сомду тапшырып кетишти.

**Кыргызстандык куткаруучулар мекенине кайтып келишти**

Урандылардын астында калган тургундарды алып чыгуу үчүн күрөшкөн Кыргызстандын куткаруучулары өлкөсүнө кайтып келишти. Өз милдетин аткарып келген куткаруучулардын тобун "Манас" аэропортунан Өзгөчө кырдаалдар министри Бообек Ажыкеев, Түркиянын Бишкектеги элчиси Ахмет Садык Доган, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан, окуу жайдын студенттери жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү тосуп алышты.

**"Бир тууган эл катары колдон келишинче жардам берүүгө аракет кылдык"**

Өзгөчө кырдаалдар министри Бообек Ажыкеев аман-эсен кайтып келген куткаруучуларды куттуктап, сөзүн улады: "Бүгүн биз оор жумуштан кайтып келген издөө-куткаруу тобун куттуктайбыз. Түркияда болгон жер титирөөлөр боордош элибизге чоң жана оор таасирин тийгизди. Бир тууган эл катары колдон келген жардамыбызды берүүгө аракет кылдык».

Министр Кыргызстандан Түркияга жалпы 187 куткаруучу менен бирге 20 медициналык кызматкер жиберилгенин, урандылардын астынан 197 жарандын сөөгү табылганын, 8 адам тирүү куткарылганын айтты. Куткаруучулар тобу бир туугандары





үчүн өздөрүнүн өмүрүн тобокелге салып, жан-дили менен иштегенин баса белгиледи.

**“Биз бул колдоону эч качан унутпайбыз”**

Түркиянын Бишкектеги элчиси Ахмет Садык Доган Кыргызстан биринчилерден болуп жардамга шашкан мамлекеттердин бири экенин эске салды. Бул оор күндө ар тараптан колдоо көрсөткөн кыргыз элине жана издөө-куткаруу тобуна: “Сиздер өз өмүрүңүздөрдү тобокелге салып, адамдарды куткарып калдыңыздар. Жабыркагандарга жардам көрсөтүү үчүн болгон күчүңүздөр кетти. Кыйын учурда жаныбызда болуп, боордоштугубузду дагы да бекемдедиңиздер. Биз муну эч качан унутпайбыз. Түркия менен Кыргызстандын бир туугандыгы түбөлүктүү болсун”,- деп терең ыраазычылыгын билдирди.

**“Кыргызстанга канча рахмат айсак дагы аздык кылат”**

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан урандынын астында калгандардын өмүрүн сактап, түрк элине жардам колун узаткан кыргыз элине жана Президент С. Жапаровго канча ыраазычылык айтса да аздык кыла тургандыгын билдирди.

“Манас” университетинде жардам акциялары жүрүп жатканын эске салган ректор Жейлан төмөнкүлөргө токтолду: “Түрк дүйнөсүнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн келген студенттер менен катар академиялык жана административдик кызматкерлер жардамга чын жүрөктөн катышышты. Түркиядагы боордошторуна көмөк көрсөтүү үчүн колдорунан келген аракетти жасашты. Университетте болгон биримдик жана тилектештик ушул кара күндөрдө дагы бир жолу далилденди”.



**“Манаста” жардам чогултуу уланууда**

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде кырсыктын биринчи күнүнөн тарта түрдүү иш-аракеттер токтоосуз уланууда.

Жер титирөө болгон күнү эртең менен ректор, профессор, доктор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, профессор, доктор Асылбек Кулмырзаев өзгөчө кырдаал бөлүмүн түзүштү. Аталган бөлүм тарабынан кабыл алынган чечимдерге ылайык, Башкы катчылыктын координациясында университеттин аймагында иш-чаралар жүргүзүлө баштады.

Окуу жайдын ректору А. Жейлан менен биринчи проректор А. Кулмырзаев кырсык болгон аймактардан келген студенттер менен жолугушуп, алардын үй-бүлөлөрү менен байланышуусуна шарт түзүлдү. Жолугушуунун жүрүшүндө алардын талаптары айтылып, студенттерге ар бир маселе боюнча жардам бериле тургандыгы маалым болду.

Ар дайым “бир жакадан баш, бир жеңден кол” чыгарып келген “Манаста” студенттер жана алардын үй-бүлөлөрүнө колдоо көрсөтүү кампаниясы жүргүзүлдү. Ага ылайык, чогулган каражат аркылуу студенттердин муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ай сайын белгилүү өлчөмдө төлөм жүргүзүү чечими кабыл алынды. Ал эми мындай жардамдар алардын билим алуу мезгилинде да жасала турган болду.

Кошумчалай кетсек, түрк элчилиги тарабынан демилгеленген жардам чогултуу иштерине зарыл деп табылган материалдарды сатып алууга жана классификациялоого көмөк көрсөтүү үчүн Студенттик кеңештин мүчөлөрү аталган мекемеге жөнөтүлдү.

Муну менен катар университеттин “MEDIAMANAS” борбору жер титирөө тууралуу материалдары менен эфирге чыга баштады. Кырсык болгон аймактагы окуялар жана анын кесепеттери тууралуу «Манас» ТВ-радиосунда маалымат берилүүдө. Андан тышкары элчиликтин билдирүүлөрүнүн активдүү жарыяланышына салым кошуу максатында даярдалган атайын кулактандыруулар жана көрсөтүүлөр обого чыгып, социалдык тармактар аркылуу бөлүшүлүп турду.

**Зилзаладан каза болгондордун элесине көңүл айтуу дептери ачылды**

Түркиянын президенти Режеп Тайип Эрдоган каргашалуу кырсыктан миңдеген адамдардын өмүрү кыйылгандыгына байланыштуу жети күндүк аза күтүү жарыялады.

“2023-жылдын 6-февралынан тартып жер титирөөгө байланыштуу өлкөдө жети күндүк улуттук аза күтүү жарыяланат. Мамлекеттик туу өлкөдө жана дүйнөдөгү биздин расмий мекемелерде 12-февраль күнү күн батканга чейин түшүрүлүп турат” деп айтылат мамлекет башчысынын билдирүүсүндө.

“Манас” университетинде каза болгондордун элесине арналган көңүл айтуу дептери ачылды. Аталган дептерге каалоочулар кайгысы менен бөлүшүп, колдоо сөздөрүн жаза алышат.

**Университет жетекчилиги элчиликте көңүл айтуу китебине жазуу калтырды**

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, профессор, доктор Асылбек Кулмырзаев Түркиянын Кыргызстандагы элчилигине барып, атайын китепчеге терең кайгыруу менен көңүл айтуу сөздөрүн жазышты.





Университеттин жетекчилери жер титирөөдө курман болгондордун жакындарына жана туугандарына сабыр тилеп, жабыркагандар тез арада сакайып кетишин каалады.

**Студенттерге психологиялык жактан колдоо көрсөтүлүүдө**

Окуу жайыбызда үй-бүлөлөрү, жакындары жабыркаган студенттерге психологиялык колдоо көрсөтүү максатында жыйын болуп өттү. Ошондой эле студенттер үйүнүн кызматкерлери үчүн психологиялык алгачкы жардам көрсөтүү боюнча семинар уюштурулду.

Аталган семинар университеттин башкы катчылыгы, Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы, Студенттик өнүктүрүү жана кеңеш берүү борбору тарабынан өткөрүлдү.

Университеттин Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун жетекчиси, доцент, доктор Эркан Эфилти татаал процессти жеңүү үчүн дайыма алар менен бирге болорун айтты.

**Кырсык аймактарындагы студенттердин жакындарына көмөк**

Учурда апаат болгон аймактарда 26 студентибиз бар экенин, аларга акчалай жана моралдык колдоо көрсөтүлүп жатканын айткан «Манас» университетинин ректору Алпаслан Жейлан:

«Зилзала болгон аймактагы студенттерибиздин бүлөлөрү менен байланышка чыгып, кабар алдык. Өкүнүчтүүсү, каза тапкан жакындары да бар. Биз студенттерибизди али жиберген жокпуз. Анткени, азыр ал аймакка баруунун кажети деле жок. Алар үй-бүлөлөрүнүн тирүү экенинен, үйлөрүнө кире албай чатырларда, унааларда түнөп жатканынан кабардар болушту. Үй-бүлөсү жабыр тарткан студенттерге акчалай колдоо көрсөттүк. Мындан кийин да окуу маалында стипендия берүүнү чечтик. Жатакана менен толук камсыз кылабыз. Биздин максатыбыз алардын окуусун үзгүлтүккө учуратпоо. Бул жаатта элчилик чоң аракет кылууда. Андан сырткары, студенттерибиз кыргыз боордошторубуздун жардамын Түркияга жөнөтүү үчүн көмөк көрсөтүп жатышат. Түркияда дагы жардам берип жүргөн улан-кыздарыбыз бар» - деди.

**Каза болгондорго Куран окулду**

“Манастын” жамааты Сатук Бугра Хан мечитинде оор күндөрдүн кайгысын тең бөлүшүп, жабыркагандар үчүн дуба кылышты, көз жумгандардын элесине Куран түшүрүлдү.

**Түркиядагы жер титирөөнүн кесепеттери**

Адистердин пикиринде жер титирөөнүн күчү 130га жакын атомдук бомбага барабар болгон. Расмий булактарда 15 миллионго жакын адамдын жабыр тартканы айтылат. Мындай күчтүү зилзаланын кышында бир аймакта кыска аралыктын ичинде катары менен эки ирет катталышы жана географиялык жактан чоң аймакка таасир этишинен улам аны эң ири апааттын бири катары мүнөздөөгө туура келет. Учурда бул окуя Түркиянын тарыхындагы жердин күчтүү силкинүүсү катары каралууда.

**“Кыйын күндө биз менен болгон кыргыз боордошторубузга ыраазыбыз”**

Түрк элинин кайгысы өтө оор экенин, айрым өлкөлөр куткаруу тобун түзүшсө, кээ бирлери материалдык жана моралдык жардам бергенин, бул кырсыкта кыргыз эли дагы жан дили менен кол сунганын баса белгилеген ректор Алпаслан Жейлан:

“Кайгы бөлүшкөндө азаят эмеспи. Боордош туугандарыбыз кайгыбызга ортоктош болуп, оор учурда бизге кол кабыш кылганын көрүп жеңилдеп жатабыз. Түрдүү улуттардан, өлкөлөрдөн жардамдар келе баштады. Айрыкча, мусулман бир туугандарыбыз өзгөчө колдоо беришти. Мына ошол элдердин арасында кыргыз эли да жан дили менен кол сунду. Президент Садыр Жапаров Түркиянын президентине телефон чалып, көңүл айтты. Ал тургай, биринчилерден болуп жардамын сунуштады. Аэропорттон кыргыз куткаруучу тобун тосуп алгандар “туугандарыбыз келди” деп кубанып жатышты. Бир туугандарыбыз эрдикке тете иш жасап, урандылардын астында калган адамдардын өмүрүн сактап калышты. Кийинчерээк Кахраманмарашка боз үйлөр жиберилип, шаарча курулду. Чындыгында бул үй-жайынан ажырап, сыртта калгандар үчүн чоң жардам. Бизге күч-кубат берген сиздердей туугандарыбыз бар экенине сыймыктанабыз.”-деди.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС
КОТОРГОН: МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

# Ректор ЖКнын Төрагасынын орун басары Н.Азыгалиев менен жолукту

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин вице-спикери Нурланбек Азыгалиев менен жолукту.***



Жолугушууда КТМУнун Кыргызстандын өнүгүшүнө кошкон салымы жана биргеликте иштешүүгө байланышкан кызматташтыктын артыкчылыктуу багыттары жаатында сүйлөшүүлөр болду.

Жогорку Кеңештин Төрагасынын орун басары Нурланбек Азыгалиев «Манас» университети Кыргызстандагы ЖОЖдордун ичинен татыктуу орунду ээлеп, илимий жактан дүйнөлүк стандарттарга шайкеш келген, окутуунун заманбап, электрондук жабдуулары менен жабдылган дүйнөлүк масштабдагы алдыңкы университетке айланганын баса белгиледи.

Нурланбек Азыгалиев КТМУнун Түрк дүйнөсүнүн элдеринин ортосундагы бир туугандык, достук мамилелердин бекемделишине жана өнүгүшүнө кошкон салымы өзгөчө экенин айтып, университеттин ишине ар дайым колдоо көрсөтө турганын кошумчалады.

Ал эми университеттин ректору, профессор Алпаслан Жейлан Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы билим берүү жана илим жаатындагы жемиштүү кызматташтыктын негизинде курулган Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин түптөлүшүнөн бери колдоп келе жаткан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ыраазычылык билдирип, "Манас" университети жетишилген ийгиликтер менен эле токтоп калбастан, мындан ары да Түрк дүйнөсүнүн алдындагы жоопкерчилигин жана милдетин жогорку деңгээлде аткарууну көздөй берерин белгиледи.






# Жазуучу Алев Алатлы "Манастын" студенттери менен баарлашты

***22-февралда "Түрктөр дүйнөсү – цивилизациянын куруучусу" аталышында уюштурулган семинардын алкагында дүйнөгө белгилүү түрк жазуучусу Алев Алатлы "Манастыктар" менен онлайн-жолугушуу өткөрдү.***

**Алев Алатлыны угуу сыймыгы**

Жолугушуунун ачылышында сөз сүйлөгөн ректор, профессор, доктор Алпаслан Жейлан буларга токтолду:

- Ардактуу коногубуз, сизди "Манас" үй-бүлөсүнүн мүчөсү катары көрүп, Теңир-Тоолорунда коноктоо - биз үчүн чоң сыймык. Сунушубузду четке какпай, макул болдуңуз. "Арстандар өз тарыхын жазганга дейре мергенчилердин баяндарын тыңдоого мажбурбуз" деген бабаларыбыздын сөзүн улантып, сизди тыңдоо сыймыгына ээ болгонум үчүн кубанычтамын. Өзүмдүн жана "Манас" бүлөсүнүн атынан ыраазычылыгымды билдирем.

**Сөзсүз окулушу керек болгон маанилүү чыгармалар**

Университеттин жетекчилигинин атынан семинарды уюштурган ректордун башкы кеңешчиси, профессор, доктор Режаи Доган кириш сөзүндө Алатлынын алгачкы романынан тартып, бардык эмгектерин окуганын, Түрк жана дүйнө коомчулугунун баштан өткөргөн ойлонуу процессинин тарыхын түшүнүү үчүн сөзсүз окулушу керек болгон олуттуу жана маанилүү чыгармалар экендигин айтып өттү. Жазуучунун "Fesüphanallah!" китебинен мисал келтирген башкы кеңешчи андагы "Демек, Жер планетасынын келечеги үчүн анда жашашы керек болгон цивилизациянын соңку өкүлдөрү биз боло турган болсок, анда бизди нурун чачкан Күндүн бул Ааламды таштап кетүүсү гана токтото алышы керек" деген сөзүн эске салды.

**Түрк калктары бул цивилизациянын куруучусу**

Өз чыгармалары менен адамзаттын өнүгүүсүнө салым кошкон Алев Алатлы "Манастын" мүчөлөрүнө жана студенттерине жасаган билдирүүсүндө түрктөр дүйнө элдеринин арасынан цивилизациялуу көз-карашка ээ болгон чанда калктардын бири экендигин баса белгиледи:

-Бул биздин ачка-ток жашаган заманыбызда эле болгон. Муну менен эмнени айткым келгенин ойлонуп көргүлө. Баарына тарых күбө. "Урматтуулар, силер талаа адамдарысыңар. Жазылуу тарыхыңар жок" дешет. Ким айтты? Биз керек болсо Исадан 5000 жыл мурдагы кытай тарыхында барбыз. Музыкадан баштап адабият, архитектурасына чейин түрктөр бул цивилизациянын куруучулары жана өкүлдөрү болуп саналат. Муну билишиңер керек.

**Математикага эң ылайыктуу тилдердин бири - түрк тили**

Түрк тили Алатлылын пикиринде, математикага жапон жана кытайчадан кийинки эле эң ылайыктуу катары аталган тил болуп эсептелет:

-Тактап айтканда, түрк тили компьютердик тиркемелер үчүн кыйла ыңгайлуу. Бир муунга башка муунду кошуп кете бересиң. Толуктоолор менен... Мисалы, "dijit" сөзүнө (ред.: кыргызчада, "манжа" деген мааниде) "-al" мүчөсүн уласаң, "dijital" (ред.: кыргызча "санарип" деген мааниде) келип чыгат. Албетте, муну эртели-кеч бирөө ойлоп таап, "кана, баштайлы" деши керек эле. А мындай акыл эч качан Батыштан келмек эмес. Анткени, аларды кооптондурган нерсе бизди канчалык басканга аракет кылбасын, баары бир башка жерден жарып чыгабыз" дейт Алатлы.

**Сүйүнүчтүн булагы - "Манас" университети**

Семинардын жүрүшүндө жазуучу өзү Камкорчулар кеңешинин төрайымы болгон Кападокия университетинин "Манас" менен түрдүү кызматташууларга даяр экенин билдирди:

-Биз түрктөр саналуу гана адам эмеспиз. Бир канча миллионбуз. Өзүбүздүн жалпы жана байыркы баалуулуктарыбызды сыйлай билгенибиз жакшы. Бири-бирибизге келип-кетип туруу мүмкүнчүлүгүбүз бар. Түшүнүшүүгө аракет кылышыбыз керек. Мен "Манас" университетинин бар экенине бир чети таң калсам, бир чети кубанам. Баркын билгиле!

**Акыркы кресттүүлөрдүн жүрүшү**

Сөзүнүн аягында атактуу калемгер буларды айтып өттү:

-Алдыда биз түрк-ислам концепциясы менен башыбызды көтөрүп, эмне кыларыбызды ойлонушубуз керек. Бул акыркы согуш, өткөрүп жибербегиле! Адамдар "Акыркы кресттүүлөрдүн согушун" ойноп жатышат. Акыркы кресттүүлөрдүн согушу!... Биз бул акыркы согушка бет маңдай келгенде жүйөлүү себептерибиз болбосо, анда утулабыз. Алардын эң алсыз болгон учуру бүгүнкү күнгө туш келип жатат. Себеби, "постмодерн, тиги-бу" дешип отуруп, эмне кыларын билбей, чачырап жатышат. Ал эми ордунда бекем турган түрктөр биримдигибизди көрсөтөлү. Учурду качырып албайлы!

Жазуучунун кызыктуу баяндамасынан кийин суроо-жооп уюштурулуп, иш-чара жыйынтыкталды.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС
КОТОРГОН: ЭРЛАН БЕКТЕН УУЛУ

# Алпаслан Жейлан Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсалов менен жолугушту

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсалов менен жолугушту.***

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС
КОТОРГОН: ЭРЛАН БЕКТЕН УУЛУ



Жолугушуунун жүрүшүндө "Манастын" өлкө үчүн чоң мааниге ээ экенин баса белгилеген Эдил Байсалов эл аралык тажрыйбага ээ окуу жайдын кеңири мүмкүнчүлүктөрү Кыргызстан жана анын жаштарына дүйнө эшигин ачкандыгын айтты.

Байсаловдун айтымында, дүйнөлүк аренада атаандаштыкка жөндөмдүү кадрлар дал ушундай университетте гана даярдалышы мүмкүн.

Профессор Алпаслан Жейлан окуу жайга көрсөткөн ар тараптуу колдоолору үчүн кыргыз өкмөтүнө ыраазычылыгын билдирди.

Ректордун пикиринде университет өзүнүн айланма фонду, технопарк жана фермердик долбоорлору аркылуу натыйжалуу жыйынтыктарга жетишип, жасалган иштердин үзүрүн коомчулук да көрүп жатат. Бул нерсе "Манас" үчүн өтө маанилүү.

Өз кезегинде профессор Алпаслан Жейлан Кыргыз-Түрк "Манас" университети Кыргызстандагы ар тармактуу долбоорлорго колдоо көрсөтүүгө даяр экендигин кошумчалап өттү.

# Түркмөнстандын элчиси менен жолугушуу

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан Түркмөнстандын Кыргызстандагы элчиси Шадурды Медеров менен жолугушту.***



Элчи, Медеров Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде Туркменистандан келген студенттерге учур талабына шайкеш сапаттуу билим берилип жатканы үчүн ыраазычылыгын айтты.

Жолугушууда ректор окуу жайда Түркмөнстандын көбүрөөк студенттерди тартууга, түркмөн элинин тарыхын жана маданиятын жайылтууга чоң маани берилерин айтып, Түркмөнстандын Кыргызстандагы элчилиги менен "Манас" университетинин ортосундагы кызматташтыктын мындан ары улануусун колдоорун билдирди.



# Кыргыз-Түрк-Азербайжан маданий кызматташтыгы "Манаста" талкууланды

***Үстүбүздөгү жылдын 2-февралында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультети тарабынан Азербайжандын Кыргызстандагы элчилиги менен биргеликте "Азербайжан-Кыргызстан-Түркия кызматташтыгын жакшыртуудагы маданияттын ролу" аталышындагы иш-чара өткөрүлдү.***

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС
КОТОРГОН: ЭРЛАН БЕКТЕН УУЛУ





Иш-чарага Азербайжандын Кыргызстандагы элчиси Латиф Сейфаддин Оглу Гандилов, КТМУнун биринчи проректору, профессор, доктор Асылбек Кулмырзаев жана гуманитардык факультеттин деканынын милдетин аткаруучу, доцент, доктор Алпаслан Ашык катышты.

Талкууда Азербайжандын Улуттук Жыйынынын маданият комитетинин төрайымы, профессор, доктор Ганира Пашаева, экономика комитетинин төрагасынын орун басары Али Масимли, саламаттыкты сактоо комитетинин мүчөсү Мүшвик Маммедли, "Nefes" коомдук уюмунун жетекчиси Фиренгиз Балакишиева жана эл аралык Евразия Басма сөз фондунун мүдүрү Умут Рехимоглу сөз сүйлөштү.

2023-жылы Шуша шаарынын Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору катары тандалуусунун алкагында уюштурулган саамалыктын катышуучулары өз сөзүндө боордош үч өлкөнүн алакасынын жакшыруусунда маданияттын ээлеген ордуна кеңири токтолушту. Андан сырткары Түрк мамлекеттер уюмунун ачылышы менен маданий алкакта болгон кызматташ мамлекеттердин биримдиги чоң мааниге ээ болуп бара жатканын баса белгилешти.

Жыйында Ганира Пашаеванын кыргыз тилине которулган китептеринин бет ачары өткөрүлүп, конокторго атайын ыраазычылык баракчалары тапшырылды.

# Ректор Жейлан Кыргызстандын билим берүү жана илим министри менен жолугушту

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору Алпаслан Жейлан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри Уланбек Мамбетакунов жана Жогорку Кеңештин депутаты Миргүл Темирбаева менен жолугушту.***

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС



Билим берүү жана илим министри Мамбетакунов «Манас» университетинин эл аралык стандарттагы билим сапаты Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагынын стандарттарын көтөрөрүн жана бул өлкө үчүн зор эл аралык ийгиликтерди жаратып жатканын айтты.

У. Мамбетакунов Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин эл аралык деңгээлин Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу Quacquarelli Symonds (QS) сыяктуу көз карандысыз институт тастыктаганына сыймыктанарын белгилеп, Кыргызстандын ЖОЖдору бул тажрыйбадан пайдаланышы керектигин белгилеп өттү.

Министр Мамбетакунов жана эл өкүлү М.Темирбаева "Манас" университети ар бир тармакта колдоого арзый турган маанилүү иштерди аткарып жатканына токтолуп, дайыма кызматташууга даяр экендигин билдирди.

Ректор А. Жейлан «Манас» университетинин негизги миссияларынын бири Кыргызстанга жана Түрк дүйнөсүнө кызмат кылуу Кыргыз-Түрк экенин белгилеп, Түрк дүйнөсүнүн жаштарына татыктуу таалим-тарбия берип, Түрк дүйнөсүнө зор салымын кошо турган иштерди жүзөгө ашыра беришерин айтты.

# Прогрессивдүү алты кесиптин адистерин даярдаган инженердик факультет



***Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин инженердик факультети учурдагы прогрессивдүү делген алты кесип боюнча адистерди даярдап келет. Ал 1997-1998-окуу жылында өз ишин баштаган. Жасаган ишинин сапаты аркылуу мамлекеттин экономикасына таасирин тийгизе турган адистерди даярдайбыз деген факультеттин деканы доцент Нурзат Тотубаева инженердик факультет тууралуу кенен айтып берди.***

**Алгачкы факультеттердин бири**

- Инженердик факультет университетибиздин эң алгачкы факультеттеринин бири. Алгач компьютердик жана экология инженериясы бөлүмдөрү ачылган. Андан кийин 2003-2007-жылдары тамак-аш, химия инженерлиги бөлүмдөрү өз ишин баштаган. Учурда аталган төрт бөлүмдө магистратура, докторантура программаларыбыз да бар. Ал эми 2017-жылы факультет электроника жана өнөр-жай инженериясы бөлүмдөрү менен толукталган. Бул бөлүмдөрдүн алгачкы бүтүрүүчүлөрү быйыл уядан учканы турат.

**Заман талап кылган адистер**

- Инженердик факультеттин мамлекетибиздин өнүгүшүнө салымы чоң. Себеби, өндүрүштү түптөп, негиздеп, аны кыймылдатып турган адистер – инженерлер. Өлкөнүн экономикалык абалы алардын ишти туура жана сапаттуу алып баруусу менен байланыштуу. Ошондуктан факультеттин ар бир бөлүмүнүн өзгөчө орду бар. Алсак, компьютердик инженерия бөлүмү санариптешүүнү ишке ашыра турган, ал эми тамак-аш инженерлиги бөлүмү азык-түлүк коопсуздугун жөнгө сала турган адистерди даярдайт. Экологдорубуз бүгүнкү дүйнөдөгү актуалдуу болуп турган көйгөйлөрдү алдында чечүүнүн жолдорун издейт. Химия инженерлери экономикалык абалды оңдош үчүн иштетип жаткан кендерден көбүрөөк пайда алууну жол-жоболоштурат. Электроника жана электр инженерлиги бөлүмүнүн мааниси технологиянын доору болгон XXI кылымда айтпаса да түшүнүктүү. Ал эми инженерлерди, экономисттерди, медиа тармагын болобу, баарын топтоп, логистикасын жүргүзүп, туура багыттай турчу жумушчулар өнөр-жай инженериясы бөлүмүнөн билим алышат.

**Жаңы долбоорлор ишке ашып жатат**

- Факультетте 19 окуу жана 2 изилдөө лабораториябыз бар. Андан сырткары “Manas Tech” аттуу жаңы инновациялык борбор курдук. Бул борбор биздин эле эмес, жалпы университеттеги 12 факультеттен өндүрүшчүлөрдү, академиялык чөйрөнү жана студенттерди бир платформага бириктирип, бир аянтчага чогултуп жакшы долбоорлорду ишке ашыруу максатында ачылды. Бүгүнкү күндө Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин алдындагы Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары департаменти менен биргеликте “Кыргыз Республикасынын өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында маалыматтык башкаруу системасын өнүктүрүү” долбоору, NOOR кооперативи менен “Курут кошулмасы бар тамак аш азыктарынын физико-химиялык касиеттерин изилдөө” долбоору, Улут Софт ишканасы менен биргеликте “Дрон менен обьект тануу жана анын геопозициялык жерин аныктоо.” долбоору, “Электро.адис” компаниясы менен “Чакан жана орто бизнести автоматташтыруу үчүн тиркеме иштеп чыгуу” долбоору ишке ашырылып жатат.



**Бүтүрүүчүлөрүбүз ири компанияларда иштеп жатышат**

- Бүгүнкү күнгө чейин бакалавриатта 930, магистратурада 70 жана докторантурада ондон ашуун адистерди даярдадык. Алар учурда дүйнөдө белгилүү “Waifair”, “Amazon”, “Кумтөр” өңдүү ири компанияларда иштеп жатышат. Кыргызгидромет мамлекеттик агенттигинде эле биздин 8 бүтүрүүчүбүз бар. “Кумтөрдө” 20га чукул студентибиз эмгектенип келет. Айрым бүтүрүүчүлөрүбүз эл аралык “Alex Stewart” лабораториясында инженер, бөлүм башчы кызматтарында.

**Дүйнөгө жол ачкан кызматташуулар**

- Инженерия факультети бир топ келишимдердин негизинде эл аралык университеттер жана Кыргызстандагы жогорку окуу жайлар менен кызматташып келет. Эге университети, Карадениз техникалык университети менен студенттерди алмашуу боюнча долбоорлорду даярдап жатабыз. Япониядагы Кумамото университетинде 2 магистрант жана бир докторантыбыз билим алууда. Окутуучуларыбыз дагы ал жерге барып стажировкадан өтүп турушат. Германиядагы Дрезден университети, Финляндиядагы айлана-чөйрөнү коргоо агенттиги жана Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университети менен тыгыз байланыштабыз. Ошондой эле Кыргызстандагы Кыргыз улуттук агрардык университети, Кыргыз мамлекеттик техникалык университети менен кызматташуу пландарыбыз бар. Жакында эле “Bio.kg” органикалык кыймылы федерациясы факультет менен кызматташууга кызыктар экенин билдирип кетишти.

**Демилгелүү жаштардын ордосу**

- Компьютердик инженерия бөлүмүнүн студенттери университетке кирүү сынагынан жогорку балл алган жаштар. Студенттерибиз жалаң эле теория эмес, практиканы дагы бирге алып кетишет. Түрдүү программаларды өздөштүрүп, алган билимдерин иш жүзүндө көрсөтүп бере алышат. Окуп жүргөн учурунда эле студенттерибиз мамлекеттик агенттиктердин, министрликтердин сайттарын, ЭЛСОМ төлөм системасын түзүшкөн. Азыркы учурда банктар дагы компьютердик инженерия бөлүмүнө “программаларыбыздагы мүчүлүштүктөрдү оңдоп бере алышабы?” деп кайрылышат. Факультетте эки студенттик клуб бар. Бири “Biota”, экинчиси тамак-аш инженерлиги бөлүмүнүн клубу. Аларда акыл таймаштар уюштурулуп турат. Студенттердин демилгеси менен батарейкаларды жана макулатураларды чогултуп, келишим боюнча компанияларга алып барып берүү идеясы дагы бизден башталган.

**Эрктүүлүктү талап кылган факультет**

- Абитуриенттер КТМУнун инженерия факультетине өтүүсү үчүн математика, физика, химия сабактарын жакшы билиши зарыл. Андан сырткары эрктүү болуш керек. Анткени, инженериялык билим алуу оңой-олтоң иш эмес. Бирок колго дипломду алганда дүйнө эшиктери ачылат деп ишенимдүү айта алам. Буга бүтүрүүчүлөрүбүздүн белгилүү компанияларда иштеп жатканы мисал боло алат. Негизинен мектептин эле базасын жакшы өздөштүргөн, аракет кылып, өзүн өнүктүрөм деген жаштар керек. Чет жактарга практикага көп барышат. Ошондо дагы эл менен байланыш түзө билген сапатка ээ болуусу маанилүү.

**Студенттердин каалоосу биринчи орунда**

- Биз макулдашууларды түзгөн университеттерге студенттерибизди тажрыйба топтоого жиберебиз. Былтыр ректорлуктун жардамы менен экология инженерлиги бөлүмүнүн 6 студенти Гебзе техникалык университетинде бир ай бою практикасын өтөп келишти. Ал университет заманбап лабораторияларынын мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп берди. Аны менен катар DAAD программасы боюнча Германияга көп барышат. Мүмкүнчүлүктөр көп. Тамак-аш инженериясы “Шоро”, “Кант-Сүт” сыяктуу компанияларда стажировкалардан өтүп келишет. Ар бир бөлүм багыттарына жараша тиешелүү ишканаларга тынымсыз экскурсияларды уюштуруп турушат. Балдар кайсыл университетке барам десе, ошол окуу жай менен байланышып, практикага мүмкүнчүлүк түзүп беребиз.

**Мол тажрыйбага ээ профессорлук-окутуучулук курам**

- Факультетте бир топ белгилүү профессорлор, доценттер жана ага окутуучулар эмгектенет. Ар бири өздөрүнүн чоң долбоорлорун ишке ашырып жүрүшөт. Долбоорлору, жарыялаган макалалары боюнча Түркиядагы 10 мыкты профессордун катарына кирген докторлор Нахит Акташ менен Мехмет Кобья бизде иштешет. Андан сырткары Кыргыз улуттук илимдер академиясынын мүчө корреспондентери, академик болгон профессорлорубуз менен да кызматташып келебиз. Бүгүнкү күндө “Манас” университетинин атынан профессорлук-окутуучулук жамаатыбыздын “Web of Science” порталында жарыяланган 766 илимий макалабыз бар. Анын 30 пайызы инженердик факультетте даярдалган. Бул биздин окутуучулук курамдын ийгиликтүү ишмердүүлүгүнүн өзөгү деп эсептейм.





Инженердик факультеттин деканы доцент Нурзат Тотубаева

**“Баарыбыз тең бир дарыя болуп аксак, чоң жетишкендиктерге жетебиз”**

- Алдыда окуу салонун ачуу планыбыз бар. Себеби, бүтүрүүчүлөрүбүздүн, белгилүү окумуштуулардын инженерия боюнча китептери текчелеринде чаң басып турат. Мына ошолорду бир жерге чогултуп, балдарыбыз тааныша алгандай бурчту түзсөк деп жүрөбүз. Андан башка “Manas Tech” инновациялык борборубузга компанияларды тартып, университеттин бардык факультети менен биргеликте долбоорлорду ишке ашыруу демилгеси турат. Азыр жалгыз иш алып баруу аябай кыйын. Ошондуктан баарыбыз тең бир дарыя болуп аксак, чоң жетишкендиктерге жетебиз. Учурда университетибиз дүйнөлүк рейтингге кирди. Буга байланыштуу факультет катары өзүбүздүн жоопкерчилигибизди сезип жатабыз. Ал үчүн биз эл аралык байланыштарды мындан ары күчөтүп, дагы жогорку деңгээлге жеткиришибиз зарыл. Ушундай максат менен электр жана электроника инженерлиги бөлүмү Дүйнөлүк банктын колдоосу менен Күн панелдери аркылуу жылый турчу имарат куруунун үстүндө иштеп жатат. Ийгиликтүү болушунан үмүтүбүз чоң.

КАБАРДЫ ДАЯРДАГАН: НУРБЕК УУЛУ ЭСЕНБОЛ









# Жаңычылдыкка умтулган спорт илимдери факультети

***Учурда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) спорт факультетинин 50дөн ашык студенти спорт чебери, ал эми 60тан ашууну спорт чеберчилигине талапкер. Факультетте окуган студенттер кеминде спорттун үч түрүнөн адис болуп чыгышат. Жаштарга спорт жаатын изилдеген илимпоздор менен спорттун 12 түрү боюнча дасыккан машыктыруучулар сабак берип келет. Спорт факультетинин ийгиликтери менен иш процесси тууралуу факультеттин деканы профессор, илимдин доктору Канат Жанузаков менен маектештик.***

**Факультеттин тарых-таржымалынан...**

Спорт факультетинин түптөлүү мезгили 2008-жылдан башталат. Ал убакта Ден соолук, маданият жана спорт иштери башкармалыгын жетектеп тургам. Университетибиздин мыкты спортчулары, спортко шыктуу студенттери спорттук мелдештерге катышып, мыкты жыйынтыктарды көргөзүп келишкен экен. Бирок көптөгөн көйгөйлөр жаралчу жана факультеттер дагы спортчуларга анчейин көңүл бурушчу эмес. Ар кандай спорттук мелдештерге дагы катыштырууга маани берилбей келген. Негизинен ушул көйгөйлөрдү жеңилдетүү үчүн жана Кыргызстанга керектүү, Европа стандартына ылайыктуу, мыкты адистерди даярдап чыгара турган-тармак боюнча, ректордун тапшырмасы менен издене баштадык. 2008-жылы биздин сунуштарыбыз университетибиздин окумуштуулар кеңешинде каралып, Түркия жана Европа стандарттарына толук жооп берген, "Дене тарбия жана спорт" жогорку мектеби болуп ачылды. Ошол кезде дене тарбия мугалимдерин даярдоо жана спорттун машыктыруучуларын даярдоочу эки бөлүм болуп "Дене тарбия жана спорт" жогорку мектеби өз ишин баштады. Ал кезде кадрларыбыз дагы жетишсиз, болгону эки мугалим илимий даражага ээ болчу. Кийинки жылы дагы эки илимий даражадагы окутуучуну чакырдык. 2009-2010-жылдагы окуу жылында толук кандуу адистерди даярдай алган бөлүм болуп ишибизди баштадык. 2021-жылга чейин "Жогорку мектеп" макамында болдук, 2021-2022-окуу жылынан тарта Спорт илимдери факультети болуп өзгөрүп, статусу жогорулады. Анткени чыккан илимий макалаларыбыз, илимий даражадагы окутуучуларыбыздын деңгээлдери буга жол берип калды.

**Күчтүү окутуучулар билим берет**

Азыркы учурда факультетибизде толук штатта 12 окутуучу иштейт. 2 профессор, илимдин доктору, 1 илимдин кандидаты, доцент жана 3 илимдин кандидаты бар. Мындан тышкары келишимдик негизде 12 спорттун түрүнөн машыктыруучулар иш алып барышат. Алардын дээрлик көпчүлүгү Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген машыктыруучулары. Алар өз тажрыйбалары менен бөлүшүп, студенттерди мелдештерге даярдоо процесстерине катышып келишет. Бизде негизинен окутуучулук курам жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого толугу менен даремети жетет.

**Кыргызстанда билим берген башка университеттерден эмне өзгөчөлүгү бар?**

Кыргызстандагы бир катар жогорку окуу жайларында дене тарбия факультеттери бар, бирок дээрлик бардыгында сабактар орус тилинде өткөрүлөт, кыргыз тилинде материалдар жетишсиз. Ал эми бизде негизинен программа кыргыз тилинде, окутуучуларыбыз дагы кыргыз тилинде материалдарды даярдоого катышып, өзгөчө региондордон келген студенттерибиз үчүн, эне тилинде билимин тереңдетүүгө шарттарды түзүп беребиз. Дагы бир өзгөчөлүгү биринчи кезекте биз студенттердин спорттук билимине эмес, илимий-методикалык даярдыгына басым жасап, ошондой эле кеминде спорттун үч түрүнөн практикалык негизде адис болуп чыгуусун камсыздайбыз. Ошол себептен бизде көпчүлүк студенттерибиз бир нече спортту өздөштүрүшөт. Мисалга алсак, студентибиз Айжан Анарбекова спорттун беш түрүнүн чебери жана чеберликке талапкер, дүйнө кубогунун ээси. Кол күрөш боюнча Кыргызстандын бир нече жолку жеңүүчүсү. Бел боо күрөшү боюнча дүйнө чемпиону. Ушул сыяктуу көп кырдуу, таланттуу спортчуларыбыз бар. Азыркы тапта 50дөн ашык студентибиз спорт чеберлери жана 60тан ашууну спорт чеберчилигине талапкер. Жалпысынан отуздан ашуун студентибиз Дүйнө жана Азия чемпионаттарында байгелерге ээ болушту. Мындан тышкары Кыргызстандын башка университеттеринде жок, жаа атуу боюнча төрт спортчуну кабыл алдык. Отуздан ашуун студент жаа атуу чеберчилигин өздөштүрүп жатышат. Ага кошумча ордо, таяк тартыш, тогуз коргоол спортторунан дагы адистерди даярдайбыз. Булар боюнча усулдук колдонмолорду даярдай баштадык. Жакын арада бул спорт түрлөрүнөн дагы илимдин кандидаттары чыгат деп ишенебиз. Биздин факультет илимий иштердин, түрдүү долбоорлордун үстүнөн иш алып барат. Жылына жок дегенде үч-төрт макалабыз индекстүү журналдарга жарыяланат. Жыйырмадан ашык окуу китептерибиз даярдалды. Биздин окуучуларга таандык эмгектерди негизинен Кыргызстандын бардык университеттери окуу методикалык курал катары колдонуп келишет. Керек болсо, Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясы дагы мынчалык көп эмгек даярдай элек. Өзүмдүн да "Дене тарбия жана спорттун педагогикасы" аттуу китебим чыкты. Дээрлик бардык спорт факультети бар университеттер, азыркы учурда окутууга курал катары пайдаланып жатышат.





**Спортчуларга жана адистерге түзүлгөн шарттар тууралуу...**

Бизде негизинен ар бир окутуучу окуу методикалык кабинеттери менен жүз пайыз камсыздалган. Ар бир окутуучунун өзүнүн компьютери бар, кабинеттери бар. Мугалимдер үчүн аудиториялар, лабораториялар жана спорттук аянтчалар дээрлик жүз пайыз камсыздалган. Мисалга алсак, 2 футболдук аянтча, 3 баскетбол аянтчасы, волейбол аянтчалары, үстөл тенниси жана чоң теннис үчүн дагы аянтчалар менен камсыз болгонбуз. Көп функциялуу спорттук комплексибиз бар. Күрөш, бокс залы, оор атлетика жана фитнес залдары азыркы учурда толук кандуу ишке киргизилген. Залдар, аянтчалар толугу менен жабдылган жана ошол эле учурда заман талабына ылайык жаңылап келебиз. Практикалык, методикалык билим берүүгө шарттар дээрлик толугу менен камсыздалган.



Спорт факультетинин деканы профессор, илимдин доктору Канат Жанузаков

**Факультеттин алдыдагы максаттары...**

Алдыга койгон көптөгөн максаттарыбыз бар. Алардын негизгилеринин бири – бул Спорт илимдери факультетине жаңы бөлүм ачуу. Азыркы тапта керектүү документтер даярдалууда, өз сунушубузду берүүдөбүз. Бул спорт жетекчилерин даярдоо, спорттук иш-чараларды уюштурган адистерди чыгаруу. Андай бөлүм Кыргызстанда жок. Мурун Советтер Союзунда ушундай бөлүм болгон. Бирок кийин бул бөлүмдөр жоюлуп кеткен. Учурда ушул тармактагы адистерге мамлекет муктаж. Мындай бөлүм Түркияда, Европада бар. Жакында Кыргызстанда дагы ушул тармакта билим берген бөлүм ачууну максат кылдык. Дагы бир максатыбыз, спорттук көрсөткүчтөрү жогору болгон, өзгөчө таланттуу студенттердин санын дагы да жогорулатуу, университетибиздин спорттук көрсөткүчтөрүн бийик деңгээлге жеткирүү. Ушул максаттарыбызды ишке ашыруу үчүн даярдыгыбыз жетиштүү.

**Спорт илимдери факультетинде билим алган студенттин портрети...**

Дене тарбия, спорт адиси болуу-бул эң татаал кесип. Анткени башка кесиптерге салыштырмалуу, дене тарбия адиси болуш үчүн: педогогика илимин, психология, медицина, физиономия, химия-биохимия илимдерин эң мыкты билиш керек. Азыркы учурда спорттук фармокология сыяктуу көптөгөн жаңы илимдер пайда болду. Биздин студенттердин кесиптик моделинде ушул илимдер сөзсүз камтылышы керек. Эгерде бул илимдердин бирөөсүн эле жакшы өздөштүрбөсө спортчунун жыйынтыктарына терс таасири тиет. Ошол себептен анатомия, гигиена жана жогорудагы атаган бардык илимдер биз окуткан кесиптердин негизги өзөгүн түзөт. Мисалы жаш куракты, физиологияны билбей туруп ишке киришсе спортчунун ден соолугуна оор зыян алып келиши мүмкүн. Ошол себептен биз толук кандуу, мыкты адистерди даярдаганга аракет кылып келебиз. Күчтүү адистерге коом муктаж. Адис даярдоо өтө таталл процесс. Биздин факультетте окуу оор, мисалы күндүзү кадимкидей теориялык билимдерди алышат. Ага кошумча жумасына 10-12 саат машыгууга мажбур болушат. Ошол себептен кээ бир студенттер чыдабайт. Аягында эң эрктүү делген гана мыкты адистер калат. Андыктан Спорт илимдери факультетинде окуш үчүн эрктүүлүк, эмгекчилдик сапаттары абдан маанилүү.

**Спортчулардын жеке карьерасына дагы шарт түзүп берүүгө аракет кылабыз...**

Биз эң биринчи кезекте билимге, методикага, андан кийин спорт жана илимге көңүл бурабыз. Албетте, кээ бир студенттер үчүн жумасына 9-10 сааттык машыгуу аздык кылат. Профессионал спортчу болом десе, 18-20 саат машыгууга туура келет. Ошол себептен, спорт чеберлери, Кыргызстан курамасынын мүчөлөрү үчүн өзүнчө график иштеп чыкканбыз. Алар биз менен дагы машыгуу жүргүзөт жана курама командалар менен дагы машыгышат. Кээде кечигүү болот, машыгуу лагерлерине баруусу керек болот, андай учурда жеңилдетилген, спортчуларга ылайыктуу график түзүп бергенге аракет кылабыз.

**Эл аралык жана өлкө ичиндеги кызматташтыктарды жөнгө салуудабыз...**

Биз негизинен Түркиянын Гази университети жана Бартын университети менен абдан жакын мамиледе кызматташабыз. Андан тышкары Казакстандын Аль-Фараби, Уральск университеттери менен дагы дайыма тажрыйба алмашып турууга умтулуудабыз. Ошол эле учурда аталган университеттер менен чогуу илимий эмгектерди жаратып, семинарларды өткөрүп келебиз. Кыргызстандагы университеттерден өзгөчө Спорт Академиясы менен кызматташабыз. Кыргызстандын 8 спорт федерациясы менен биргеликте иштерди алып барып келебиз.

**Бүтүрүүчүлөрүбүздүн дээрлик 80 пайызы өз кесиптери боюнча иштешет**

Жалпысынан жүз ондон ашуун бүтүрүүчүнү даярдадык. Алардын кээ бири магистирдик даражада дагы билим алышты. Түркияда окуусун уланткан студенттерибиз бар. Бүтүрүүчүлөрүбүз азыркы тапта Спорт комитетинде, ар кандай спорт федерацияларында, спорт мектептеринде кызмат кылып келишет. Негизинен спорт илимдери факультети даярдаган адистердин 80 пайызы өз кесиптери менен иштешет.

КАБАРДЫ ДАЯРДАГАН: ЖАКШЫЛЫК ЗАМИРБЕКОВ

# Жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн эшигин ачкан Үзгүлтүксүз билим берүү борбору




### "Азыр адистерден кошумча иш билгилик жана көндүмдөр талап кылынат"

Үзгүлтүлсүз билим берүү борборуна сырттан келген кызматкерлер жана студенттер да катыша аларын белгилеген доц. докт. Эркан Эфилти буларга токтолду: "Үзгүлтүксүз билим берүү борбору 2008-жылы университетибиздеги расмий бакалавр жана магистратура окутууларынан тышкары билим берүү, изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында түзүлгөн. Ошондой эле бардык тармактарда окуу программаларын уюштуруу мүдөөсүн көздөйт. Борбор мамлекеттик жана жеке мекемелерге, бейөкмөт жана эл аралык уюмдарга билим берип келет. Аны менен катар улуттук, эл аралык билим берүү программаларын, курстарды, семинарларды жана конференцияларды уюштурууп турат.

### Университетти коом менен бириктирген көпүрө

Доц. докт. Эркан Эфилти, борбордун ачылуу себебин жана маанилүүлүгүн 3 тарап менен байланыштырып: "Эң биринчи-

***Жашоодо өз ордун табууну максат кылган студент өзүн ар тараптан өнүктүрүү үчүн талыкпай эмгектениши керек. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Үзгүлтүксүз билим берүү борбору, бул багытта студенттерге жардам берүү үчүн түзүлүп, өз ишмердүүлүгүн тынымсыз улантып келет. Борбордогу окууга студенттер гана эмес, университетте иштеген бардык кызматкерлер, ошондой эле тышкы мамлекеттик мекеме-уюмдар жана жеке сектордун кызматкерлери катыша алат. Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун жетекчиси доцент, доктор Эркан Эфилти бизге борбордун ишмердүүлүгү тууралуу кеңири маалымат берди.***

ден студенттер үчүн, жогоруда айтып өткөнүмдөй, тандап алган багыттык окуусунан сырткары, ар тармактуу өнүгүүсүнө борбор чыйыр жол салып берет. Экинчиден, окуу жайыбыздын бардык кызматкерлери үчүн түзүлгөн мүмкүнчүлүктөрдү карай турган болсок, биздин эң башкы милдетибиз, аларды кесиптик, жеке жана руханий жактан күчтөндүрүү. Ал эми университетибиз жалгыз гана студенттер менен эмес жалпы коом менен өз байланышын чыңдоодо жана борбор бул байланыштын ортосундагы чоң көпүрөгө айланды",-деди.

### "Курстар сентябрда башталып, май айына чейин уланат."

Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун тил, айыл чарба, спорт сыяктуу ж.б. түрдүү тармактарда кызмат көрсөтөрүн белгилеген доц. докт. Эркан Эфилти: "Борборубузда окутулган курстардан тил боюнча (түркчө, кыргызча, англисче, орусча, арабча), айыл чарба тармагында (күнөскана, айыл чарба оорулары менен күрөшүү, балчылык), спорт (жаа атуу), медиа (фотосүрөт тартуу, операторлук чеберчилик), туризм(бариста, тейлөө ыкмалары, үй чарбасы, түрк ашканасы), технология жана илим (CNC аппаратын колдонуу тренинги, SPSS программасын колдонуу), көркөм өнөр (баглама, гитара, ней, комуз, салттуу бийлер, живопись), сыяктуу дагы башка көптөгөн тармактарда курстарыбыз бар. Мындан тышкары экономика факультетибиз менен "Социалдык медиа аккаунтун башкаруу", кесиптик окуу жай менен "CNC аппаратын колдонуу боюнча окуу", чет тилдер мектебибиз, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин салттуу оюн, спорт изилдөө институту жана Көк бөрү федерациясы менен биргеликте уюштурулган көк бөрү оюндарын өткөрүлдү. Аны менен бирге Кыргыз Республикасынын Министрлер Кеңешине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги (Кыргыз патент)



үчүн 25 кызматкерди камтыган Көк бөрү оюндары, түрк тилин үйрөтүү курстары бар. Тил курсуна келсек, ал башталгыч, орто жана тереңдетилген деп бөлүнүп, 3 деңгээлге бөлүнөт. Бул курстардын кээ бирлери акылуу берилип келет,"-деп айтты.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин вебсайтында курстар тууралуу кененирээк маалыматтарды ала аларыбызды белгилеп өткөн Эркан Эфилти: "Туризм факультетинен бариста курсун алууну каалаган, бирок бөлүмү башка болгондуктан ал курска бара албаган студенттердин бул тармакта билим алышын камсыздайбыз. Курстардын узактыгы 10, же 100 саат арасында ар биринин өзгөчөлүктөрүнө жараша аныкталат. Университетибиздин вебсайтынын башкы бетиндеги Үзгүлтүксүз билим берүү борбору баракчасында курстарыбыз жөнүндө кулактандырууларды жасайбыз. Анда окуулар качан, кайсы күндөрү, кайсы убакта башталары тууралуу маалыматтар берилет. Катышууну каалагандар кызыккан курстарга катталуу үчүн веб баракчанын арыз бөлүмүнөн электрондук түрдө форманы толтурушу керек. Курстар сентябрда башталып, май айына чейин уланат. Бирок, кээ бир учурларда, курстар талап боюнча февраль айында кайрадан ачылышы мүмкүн. Мисалы, сентябрда башталган түрк тили курсу бар эле. Суроо-талап көп болгондуктан февраль айында ал курс кайрадан ачылды. Аталган бардык курстарды өзүбүздүн "Манас" университетинин окутуучулары өткөрүшөт. Бирок эгерде кээ бир курстарга суроо-талап көп болсо жана бул багытта окутуучуларыбыз жок болсо, Түркиядан же башка өлкөлөрдөн мугалимдерди чакырып, студенттерибиздин кызыккан тармактарында билим алуусун камсыздайбыз. Мисалы, социалдык медиа аккаунтун башкаруу курсун Түркиядагы окутуучубуз онлайн өткөргөн",-деди.

### Учур көйгөйлөрүнө кош көңүл карабаган борбор

Доц. докт. Эркан Эфилти борбордун жүргүзүп жаткан иш-чаралары тууралуу буларга токтолду: "Негизинен биз курстарды өткөрүүдө гана эле эмес, учурда жаралган ар кандай көйгөй, окуя, кырдаалдарга да өтө көңүл бурабыз. Түркияда болуп өткөн катуу жер титирөөдөн кийин адабият факультетинин психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк башкы катчылыгы саламаттыкты сактоо, маданият жана спорт бөлүмү студенттердин





Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун жетекчиси доцент, доктор Эркан Эфилти

инсандык өнүгүү жана кеңешүү борбору менен биргеликте апаат катталган жерлерде үй-бүлөсү жашаган студенттерибизге психологиялык колдоолорду уюштурууда.

Өткөн жылы Тажикстан менен болгон кагылышууда Баткендеги согушта курман болгондорго, алардын үй-бүлөлөрүнө жана балдарына, жарадар болгон жоокерлерибизге кайрадан психологиялык-педогогикалык кеңеш жана көмөк бөлүмүнүн магистранттары менен биргеликте психологиялык колдоо көрсөткөнбүз. Азыркыга дейре ошол аймакка психологиялык жактан колдоо көрсөтүү үчүн жиберген магистратура бөлүмүнүн студенттери бар. Айрыкча жаңжалдан улам Бишкекке алынып келинген балдарга университетибиздин башкы катчылыгы ар кандай жабдыктарды, тактап айтканда, бир жагынан психологиялык колдоо көрсөтсө, экинчи жагынан колдонуучу буюм-тайым, тамак-аш жана суусундуктар сыяктуу керектүү жардамдарды берди".

### Көрүүчүлөргө жагымдуу маанай тартуулаган "Балдар университети" иш-чарасы

Балдар университети иш-чарасы университетибизди балдарга таанытуу максатында түзүлгөн дейт доц. докт. Эркан Эфилти: "Май - июнь айларында Кыргызстандагы башталгыч мектептер жабылар замат университетибизде 1-2-класстын башталгыч класстарынын окуучуларын коноктодук. Бул жылы 35ке жакын окуучу катышып, иш-чара 3 жумадай созулду. Башталгыч класстын окуучулары үчүн ар кандай курстарды уюштурдук. Алар: англис тили сааты, 3D сүрөт өнөрканасы, спорттук иш-чаралар, кино сааттары, сахна чеберчилиги, окуу жана менталдык арифметика үйрөнүү сыяктуу түрдүү сабактардан жана иш-чаралардан турду. Биздин эртең мененки программабыз адатта саат 9.30да башталып, 15.30га чейин уланчу. Балдарыбыз ветеринария, айыл чарба, көркөм өнөр жана коммуникация факультеттерине барып, ал жактагы окууларга, иш-чараларга катышты. Ректорубуз балдардын түшкү тамагын университет тарабынан камсыздады. Балдардын үй-бүлөлөрүнө оорчулук келтирбей, ата-энесинен акча албай, алардын эс алуусуна шарт түзө алдык десем болот. Психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк бөлүмүнүн жана «Эмпатия» коомунун студенттери ыктыярдуу түрдө ал балдарга Июнь айынын аягында бүтүрүү кечесин уюштуруп, окуучуларыбызга иш-чараны ийгиликтүү аяктагандыгы үчүн сертификаттардытапшырды. Ошол эле учурда алар бизге аткаруучулук өнөр, музыкалык билим жана көркөм өнөрлөрү боюнча 1 сааттык концерт коюшуп, жагымдуу маанай тартуулашты. Бул иш-чараны келечекте салтка айландырып, жыл сайын өткөрүп турабыз деген ниетибиз бар".

### "Ректордук аппарат бизди ар тараптан колдоодо"

Жаңы курстардын ачылышы боюнча доц., докт. Эркан Эфилти: «Окутуучуларыбыз менен жолуккандан кийин коомго жана башка бөлүмдөрдөгү студенттерибизге же кызматкерлерибизге эмнелер пайдалуу боло тургандыгы тууралуу документ даярдайбыз. Жыйынтыгында сентябрь айында ача турган курстарыбызды аныктап алабыз. Ошондуктан коом бизден эмнени каалаunion, күтсө, ошого жараша келечек пландарыбызды аныктайбыз. Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун алгачкы жылдарында 10 чет тили курсу ачылган. 2022-жылдын январында курстарыбыздын саны 21ге чейин көбөйүп, ар түрдүү тармактарда курстарды түзүү иши барган сайын күч алды. Убакыттын өтүшү менен биз, тил билимине эле эмес, шык, жөндөм темасына да көбүрөөк маани бере баштадык. Быйыл сентябрь айында биз жарыялаган курстардын саны 34кө жеткен. Февраль айында дагы 8 курс кошулду. Жалпысынан 2023-жылга карата 40тан ашуун курсту пландаштырдык жана бул процесс дагы да уланат деген ойдомун. Ыңгайлуу иш алып барышыбыздын негизги себеби, бизге ректоратыбыз колдоо көрсөтүп жаткандыгы. Бизге коюлган талаптарды үзбөй так аткаруу үчүн 7 күн 24 саат иш менен алек болуп жаткан учурубуз. Ошону менен бирге студенттерибизден, кызматкерлерибизден жана коомдон канчалык талап күчтүү болсо, биз ошончолук муктаждыктардын баарын канааттандыруу үчүн колубуздан келген аракеттерди жасайбыз",-деп өз сөзүн аяктады.

КАБАРДЫ ДАЯРДАГАН : АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА, АДИНА МАТИШОВА






Камчыбекова Сонунбу, “Активист” коомдук бирикмесинин координатору:

# “Майыптыгы барларга жардам берүү баарыбыздын колубуздан келет”

*“Активист” коомдук бирикмеси Раззаков шаарында жайгашкан. Аталган бирикме ар кандай долбоорлордун алкагында иш алып барат. Сонунбү Камчыбекова бул жерде майыптыгы бар адамдар менен 3 жылдан бери иштешет. Биз анын аткарган долбоорлоруна кызыгып, кепке тарттык.*

**- Сонунбү эже, мыйыптыгы бар адамдар менен иштеп калышыңызга эмне түрткү болду? Дегеле долбооруңуз тууралуу маалымат берсеңиз.**

- Бир тууган эжемдин шал оорусу менен ооруган баласы бар эле. Каражаты аздыгынан улам аны толук дарылата алган жок. Баланын оорусу ата-энеге канчалык түйшүк бергенин өз көзүм менен көп көрдүм. Эжемдин тагдыры мага майыптыгы бар адамдардын көйгөйү менен иш алып баруума себепчи болду. Ал эми долбоор тууралуу айтсам, 2019-жылы Тажикстанда жайгашкан Германиянын “Caritas” уюмунун өкүлдөрү менен байланышып калдым. Алардын сунушу менин максатыма туура келди. Ошентип, “Жамааттардын деңгээлинде реабилитациялоо” долбоорун ишке ашырууга жетиштик. Анын алкагында Лейлекте 30 активистти тандап алып, аларга калктын өзгөчө катмарына үй шартында жардам берүүнү үйрөттүк. Алар өз айылындагы майыптыгы бар адамдарды таап, жардам берип келишет.

**- Ар бир иштин өзүнө жараша кыйынчылыгы болот. Сиздерде да тоскоолдуктар болгондур.**

- Албетте. Майыптыгы бар адам менен иштешүү кыйын. Анткени алардын тили, кабыл алуусу жана муктаждыгы башкача. Биздин долбоордун максаты: аларга моралдык, техникалык колдоо көрсөтүп, жашоосун жеңилдетүү. Долбоордун алкагында дарыгерлердин, психологдордун, логопеддердин жана реабитологдордун кызматын сатып бердик. Бул мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн чоң жардам. Башында алардын муктаждыктарын билбей кыйналганбыз. Кийин көйгөйлөрдү аныктап чечүү үчүн биз жакындарынан сурамжылоо жүргүзгөнбүз.

**-Долбоордо эсте калган окуялар тууралуу айтып берсеңиз?**

- 2019-жылы бир кызматкерибиз Раззаков шаарынын тургуну Имран деген бала менен иш алып барган. Ал 18 айлык болсо да, өз алдынча отура да, баса да албайт эле. Ата-энеси дарыгерлерге көрсөткөнү менен, эч кандай майнап чыккан эмес. Баланын “болушу ушу экен” деп жаткан абалда эле бага беришкен. Бала төрөлгөндөн бери жата берип, көзү артына кетип калган. Көзүнүн кареги көрүнбөйт. Биз болсо атайын усулдарды колдонуп, аны алгач вертикалдуу түрдө отургузганы аракет кылдык. Денеси да бошоң болгондуктан өзү отура албайт эле. Эки тарабы тосулган отургуч жасап бердик. Баланы ал отургучка байлап отургузуп жүрдүк. Убакыт өткөн сайын ал баланын көзү акырындап калыбына келе баштады. Музыка угуп, күлө турган болду. Оюнчуктарды алдына койсо, колун жайдан кыймылдатып, аларды кармаганга аракет кыла баштады. Акырында бала 2,5 жашында кадимкидей отуруп, көзү ордуна келип, сөздү түшүнүп, өнүгүүсү пайда болду. Анын өзгөргөнүн көрүп, ар бир иштин ыгын тапсак болорун түшүндүк. Имрам сыяктуу балдарга жардам бергенибизге сүйүндүк.

КАБАРДЫ ДАЯРДАГАН: ШАМШИЕВА СЕЗИМ



# Атадан-балага өткөн өнөр





***Кыргыз маданиятынын эң маанилүү тармактарынын бири – кол өнөрчүлүк. Ал кылымдардан-кылымдарга, атадан-балага, энеден-кызга өтүп, азыркы күнгө чейин мурас болуп сакталып келет. Элибиз колунан көөрү төгүлгөн, мыкты кол өнөрчүлөргө бай. Атасынын ишин улантып, кыргыз кол өнөрчүлүгүнүн өсүп-өнүгүүсүнө салым кошуп келе жаткандөрдүн бири – Эркин Ибраимов.***

**Устачылыктагы алгачкы кадамдар**

Мектепте окуп жүргөндө эле кол өнөрчүлүккө кызыгуум ойгоно баштаган. Балалыгым атамдын устаканасында өттү. Эртеден кечке атама кол кабыш кылып, жардам берип жүрүп чоңойдум. Атамдын колунан чыккан буюмдарды көрүп, өзүм дагы жасагым келчү. Институтту аяктагандан кийин көп ойлонбой, айылга келип атамдын ишин улантууга бел буудум. Алгачкы жасаган буюмум камчы болгон. Атамдын жардамы менен Акимиат үчүн төрт камчы жасап бергем. Биринчи жасаганда эле жөндөмүм бар экенин түшүнүп, көңүлүмө бул иш жаккандыктан, улантууну чечтим. Андан бери 30 жылдын жүзү болду. Өкүнгөн учурлар болгон эмес. Тескерисинче, убагында үйрөнүп алганыма абдан сүйүнөм.

**Ар бир буюм сүйүү менен жасалат**

Башынан эле буюмдарды сувенир, белек үчүн жасайм. Жаңы баштаганда ат жабдыктарын жасап баштагам. Даяр чабылган ээр токум сатып алып, аны булгары менен каптап, кооздоп жасачубуз. Төрт жылдын бери ээр токум менен алектенбейм. Азыр биздин устаканада: камчы, найза, айбалта, жаа, арбалет, саат, атайын каптар жана кутучалар даярдалат. Уулум жана шакирттерим менен  устаканада күнүнө 8-9 саат өткөрөбүз. Ар бир колдон жасалган буюм мээнетти, убакытты жана сабырдуулукту талап кылат. Алар Кыргызстанда, Казакстанда жана Орусияда сатылат. Орусияда мен жасаган буюмдар менен кооздолгон кафе бар деп уккам. Бул тууралуу Москвага баргандар айтып келишет. Ушундай сөздөрдү укканда иштегенге каалоом дагы да артат.

**Ырыс алды - ынтымак**

Жакында өзүм үчүн электро комуз жасап алдым. Аны көргөндөрдүн арасында электро комузга тапшырык берүүнү каалагандар дагы болду. Агам комуз чапкан чебер уста. Комузга кызыккан адамдарды агама жөнөтөм. Үй-бүлөбүздө баарыбыз ушул тармакта эмгектенебиз. Эч ким эч кимдикин талашпайт, ар кимдин өзүнүн жасаган буюму, дизайны бар. Ач көздөнүп башканын буюмуна тапшырык албайбыз. Баарыбыз бирибирибизге колдоо көрсөтүп, дем-күч болууга аракет жасайбыз.

**Кол өнөрчүлүгүбүздү баалайлы**

Кыргыз кол өнөрчүлүгү негизи дүйнөдөгү кереметтердин бири. Биздин улутубуздун, ата-бабаларыбыздын басып өткөн жолун чагылдырып, эске салып турат. Биз өзүбүз баалабасак,  аны ким баалайт эле. Ошон үчүн бул тармакка өзгөчө көңүл бурушубузкерек. Мага шакирт болом дегендерден эч качан баш тарткан эмесмин. Тескерисинче, билген, үйрөнгөн нерселеримди алар менен бөлүшкөнгө шашылам. Алар өз иштерин ачып, ийгиликке жетишсе, мен маданиятыбыздын өнүгүшүнө аз да болсо дагы салым кошкон болом.

КАБАРДЫ ДАЯРДАГАН: АЙГЕРИМ АБДИСАТАРОВА

## Айдай Максатбекова, чет тилиндеги китеп дүкөнүнүн ээси:

# “Мүмкүнчүлүктөргө толо заманда жашап жатып, бош отуруу айып“

Айдай Максатбекова мындан бир канча ай мурун Бишкек шаарында англис тилиндеги алгачкы китеп дүкөнүн ачкан. Ал жакында эле Германиянын Франкфурт шаарында өткөн китеп сатуучулардын эл аралык конференциясына барып келди. Уюштуруучулар конференцияга чакыруу үчүн ар кайсы өлкөдө иш алып барган 15 китеп дүкөнүн тандап алышкан. Биз Айдай Максатбекова менен иш сапары, китеп дүкөнү тууралуу маектештик.



**- Жакында эле барып кайткан конференция тууралуу кененирээк айтып берсеңиз? Ал жактан кандай ой менен кайттыңыз?**

- Май айынан бери даярданган китеп сатуучулардын эл аралык конференциясы болуп өттү. Дүйнөнүн төрт бурчунан басмаканачылар, жазуучулар, котормочулар, адабий агенттер бири-бири менен таанышуу, пикир алмашуу жана, албетте, өлкөлөр ортосунда көпүрө куруу максатын көздөп Франкфуртта чогулдук. Жолугушуубуз сөз менен айтып жеткире алгыс эмоциялар менен коштолду. Эгер кимдир бирөө мага мындан мурун “Эл аралык китеп индустриясынын бир бөлүгү болосуң” деп айтса, ишенмек эмес элем. Мен дүйнөдөгү 15 көз карандысыз китеп дүкөнүн ээлеринин бири катары эл аралык конференцияга чакырылганыма ушунчалык сыймыктандым.

- **Конференцияга Жакынкы Чыгыштан, Африкадан, Египеттен келген катышуучулар болгон экен, алар тууралуу да айтып өтсөңүз?**

- Мага ар дайым өз күчү менен чоң ийгиликке жетишкен адамдар түрткү берет. Алар ишин нөлдөн баштап, өз өлкөсүндө ийгилик жаратышкандар да. Мисалы, Африкадан өз континентине жакшы китептерди жеткирүүгө аракет кылган көптөгөн басмаканачылар бар, алар абдан жакшы иштерди аткарып жатышат. Май айында Шаржада болгонумда, Египеттеги китеп дүкөндөр тармагынын ээси Надя Васеф деген адам менен таанышып калдым. Ал 20 жыл мурун англис тилиндеги китептер менен биринчи китеп дүкөнүн ачкан киши. Бүгүнкү күндө анын 10 филиалы бар. Ал Форбстун тизмесинде Жакынкы Чыгыштагы эң таасирдүү аялдардын катарына кирип, Washington Post гезити ага бүтүндөй бир санын арнаган. Мындай учурларда адам мүмкүн эмес эч нерсе жок экенин түшүнөт, болгону өз кесибин сүйүп, аны жакшы түшүнүп, өзүнө ишенүүсү керек.



- **Ошол эле шаарда чет тилдериндеги китеп жарманкеси болот деп айттыңыз эле. Мындай жарманкелердин чаканыраак түрү Кыргызстанда дагы өткөрүлсө дейсизби?**

Албетте, бул зарыл. Ушундай долбоорлорду мамлекет, коомдук уюмдар, окуу жайлар колдоого алса жакшы болмок.

**- Сиздин китеп окууга кызыгып, бул жаатта бизнес менен алектенип калышыңызга эмне түрткү болду?**

- Китеп окууга болгон сүйүүмдүн себеби ата-энем. Бала кезибизден бизге кызыктуу китептерди сатып алышчу. Апам эч качан үй жумуштарын бизге үйчү эмес, убактыбыздын баарын китеп окууга, англис тилин үйрөнүүгө жумшадык. Китеп окуу жашоомдун бир бөлүгү болуп калгандыктан, студент кезимде англис тилиндеги китептерге кызыгып, таба албай кыйналчумун. Карантинде чет өлкөдөн чекене баада буйрутма бергенимде аябай кымбатка түшүп калып жатты, ошондуктан онлайн форматын сатып алып чыгарып окучумун. Өзүм окуп бүткөн китептерди инстаграм баракчаман сата баштадым, окурмандар көбөйгөнүн байкап, дүкөн ачууну туура көрдүм.

**- Калкынын 0,2%ы гана англис тилинде сүйлөгөн өлкөдө чет тилдеги китептерди саткан дүкөн ачуу тобокелдүү бизнес болсо керек, сизде кооптонуу болбодубу?**

- Менин аудиториямда түрдүү тилде сүйлөгөн адамдар, айрыкча, жаштар көп. Азыркы замандын жаштарына англис тилиндеги китептер зарыл, ошондуктан окурмандарды кызыктуу китептер менен камсыз кылууну туура көрдүм. Мен өзүмө башка дүйнөнү ачтым, өзүмө гана эмес, ал дүйнөнү китеп дүкөнүм аркылуу окурмандарыбыз үчүн дагы ачып жатам деп ишенем. Бул башталышы гана, ишимди дагы кеңейтем, жайылтам деген максатым бар.

**- “Жаштар-өлкөнүн азыркысы жана келечеги” эмеспи, сиз аларга кандай кеңештерди айта аласыз?**

- Мен сиңдилериме, инилериме айтарым: эч качан баа үчүн окубагыла. Баа – бул жөн гана формалдуулук. Билим алгыла, өзүңөрдү өстүрүүгө көңүл бургула. Азыр өз алдыбызча колубуздагы телефон менен дагы тил үйрөнүүгө, китеп окууга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Мүмкүнчүлүктөргө толо заманда жашап жатып, бош отуруу айып! Мен айрыкча, кыздардын билим алуусун каалайт элем. Кыздарга жакшы билим берүү керек, алар көз карандысыз, эрктүү, өз алдынча боло алышы керек. Андай кыздар өздөрүн тебелете койбойт, өзүн багып, ар кандай кырдаалдан чыга алышат. Кыздар тамак жасап, үй тазалап, чаң сүртүп, бала багып отуруу үчүн жаралган эмес. Алар билим алып, ийгиликке жетип, өздөрү каалагандай жашашы керек.

КАБАРДЫ ДАЯРДАГАН: АЙЗИРЕК АБДЫКАЛИЛ КЫЗЫ



# Айсулуу салган чыйыр жолду улаган Кайыркүл

КАБАРДЫ ДАЯРДАГАН: АЙПЕРИ ЭШЕНКУЛОВА

***Айсулуу Тыныбекова – кыргыз спортундагы кыз-келиндер арасында беш манжа менен саналчу чемпиондордун бири. Кыргызстандын туусун желбиреткен, кыздар арасында кыргыз күрөшүнө из салган, кыз-келин балбандарга үлгү болуп, шык берген бирден бир балбан. Анын ийгилигин көрүп спортко кызыккан кыздардын саны күндөн-күнгө арбып келет. Алардын бири – Кайыркүл Шаршебаеа. Жаш спортчунун өмүр баянын, спортко келишин жана кыял-мүдөөсүн баяндайбыз.***

Кайыркүл 1-октябрда Америкадагы 19 жашка чейинки эл аралык кыздар жана балдар арасындагы мелдеште 1-орунду ээледи. Ал 70 килограмм салмактагылар менен күрөшүп, алтын медалга татыды. Кыргызстандан жалпысынан алты балбан барып 2 алтын, 2 күмүш жана 1 коло медаль алып келишти.

Балбандын төрт каршылашы тең Американын ар кайсы штаттарынан келген спортчулар болгон. Кайыркүл төрт атаандашын тең утуп, жеңишке жеткенине кубанып турган чагы. “Мелдеште жалпысынан төрт каршылашым болду. Башында экөө жеңил болду, экөөнү тең 10:0 эсебинде аз убакытта утуп чыктым. Үчүнчүсү бир аз оор болду. Утулуп баратып, акыркы секундаларда жеңишке жеттим. Төртүнчү каршылашым менен финалда беттештим. Аны тушеге басып (жерге эки далысын тең тийгизип 5 секунд кармап туруу) бат эле утуп алдым. Жеңишке жеткенимде көзүмөн жаш чыгып кетти. Килемден чыгып эле агайымды кучактадым. Абдан сүйүндүм. Жүрөгүм дүкүлдөп чыкты сүйүнгөндөн”, - дейт Кайыркүл.

### Кайыркүлдүн спортко келишине атасы жана Айсулуу Тыныбекова түрткү болгон

Кайыркүлдүн спорт менен машыгып баштаганына быйыл толук бир жыл болду. Анын чоң спортко келишине атасы жана Айсулуу Тыныбекова түрткү болгон. Ал 8-класста окуп жүргөндө Бишкек шаарындагы “Анадолу” кызар лицейине тапшырып, тилекке каршы өтпөй калган. Ошондо атасы аны спортко үндөп, 9-классты аякатагандан кийин Бейшен Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын колледжине тапшырган. Негизинен бул колледжге кыздар аз ташырат, көпчүлүгү балдар. Учурда аталган колледжин 2-курсунда окуйт.

Кайыркүл 17 жашта. Жаш балбан Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Корумду айылында төрөлгөн. Балалыгы Корумдуда өтүп, орто билимди айылдагы мектептен алган. Аталган айылда кыздар машыккандай зал, машыктыруучуну мындай кой, спорт менен машыккан кыздар дээрлик жок.

Кайыркүл жети бир туугандын экинчиси. Айылда көп балалуу үй-бүлөдө чоңойгон балбан көбүнчө сыртта мал тейлеп, атасына дыйканчылыкка жардам берип, кара жумуштарды жасап бойго жеткен. Түмөн түйшүктүү элет жеринде тыным алып отурууга деле убакыт болбойт эмеспи. Ошол себептерден Кайыркүл күчтүү балбан болуп чоңойдум деп эсептейт. Ат чаап, кымыз ичип, тоодо мал багышып чоңойгон балбан ошентип Токио Олимпиадасында алтынга тете күмүшкө ээ болгон балбан Айсулуу Тыныбекованын көчүн улап келе жаткан чагы.

### “Кыялдагы Америка” жана “Мен көргөн Америка”

Америкага бир жолу болсо да баруу ар бир мекендешибиздин кыялы эмеспи. Ал кыял Кайыкүлдүн да жүрөгүнүн түпкүрүндө жашачу. Балбан кыялындагы Америкага мынчалык эрте барам деп үч уктаса түшүнө кирген эмес. Спортчу туз буйруп Америкага барып калганын айтып, андагы таасирлери менен бөлүштүп өттү. “Менин да кыялым Америкага барып саякаттоо жана мелдеште биринчи орунду алып келүү болчу. Мелдеш боюнча бизге бир жыл мурун айтышкан. Мен ошондо эле, Американы кыдырып, жеңишке жеткенимди кыялданып жүрдүм жана кыялыма жеттим. Биз Огайо, Пенцилвания жана Филадельфия штаттарында болдук. Мен суктанган нерсе тазалыгы болду. Эч жерден таштанды көргөн жокмун. Америкада тазалыкка көп көңүл бөлүшөт экен. Кооз жерлери да көп. Бак-дарактарды көп отургузушкандыктан, абасы да таза. Ал эми жолдору түптүз. Бийик-бийик имараттарды, кинодон көргөн үйлөрдү жанынан көрдүм. Кыялымдагы Америка мен






элестеткендей эле болду десем болот, мага абдан жакты”.

### Айсулуу Тыныбекованын берген кеңеши

Спортко келген күндөн тарта Кайыркүл Айсулуу Тыныбекова менен сүйлөшүп, кеңешин уксам деп самачу. Алардын алгач ирет жолукканын, спортчудан алган кеңиштерин төмөндө айтып берди. “Айсулуу эжеге (Тыныбекова) жаз айыларында алгач ирет жолуккам. Бир аз ооруп турган экен. Экөөбүз чогуу ооруканага барганбыз. Айсулуу эже менен сүйлөшүп отуруп, “Он алты жашта спортту кеч баштаганыңызга өкүнбөйсүзбү?”- дедим. Ал: “Жок, спортту качан баштаганың маанилүү эмес. Эрте баштагандар деле жыйынтык көрсөтпөй жүрөт. А сен иштешиң керек, анан жыйынтык болот”,- деген. Мен ошондо күрөштү кеч баштаганыма өкүнүп жүргөм. Айсулуу эженин кеңешинен кийин ойлонуп, дагы да көп машыгып иштешим керек деп чамдап калдым”.

### Устат - шакирт

Кайыркүл Бишкектеги ФОК залында машыгат. Ар бир ийгиликтүү спортчунун артында күчтүү машыктыруучусу турат эмеспи. Анын сыңары, Кайыркүлдү ким таптап жатат деген суроо сизди да кызыктырып турса керек. Жаш спортчунун машыктыруучулары - ата-бала Үсөналы жана Азамат Рыскуловдор.

### Жаш балбандын кыял-мүдөөсү

Кайыркүл келечекте балбандар - Айсулуу, Айпери жана Мээрим сыяктуу Олимпиада чемпиону болгусу келет. “Алдыга койгон максаттарым көп. Кыргызстан азыр спорт жагынан өнүгүп жатпайбы. Мен чемпиондор - Айсулуу, Айпери жана Мээрим эжелердей Олимпиада чемпиону болом. Керек болсо алардан ашканга аракет кылам. Менин башкы максатым, айтып өткөнүмдөй эле Олимпиада чемпиону болуп, кыргыз туусун желбиретүү. Кыргызстанды дүйнөлүк аренада таанытуу жана өкөбүздүн өнүгүшүнө салым кошуу”.

• KTMÜ adına sahipleri - КТМУнун атынан гезит ээси

Rektör Prof. Dr. Alpaslan Ceylan-Ректор Проф. докт., Алпаслан Жейлан

Rektör Vekili Prof. Dr. Asılbek Kulmırzayev - Биринчи проректор Проф. докт., Асылбек Кулмырзаев

• Genel Yayın Yönetmeni - Координатор

Prof. Dr. Mehmet Sezai Türk-Проф. Докт., Мехмет Сезаи Түрк

• Yayın Koordinatörü- Басма сөз координатору

Öğr. Gör. Dr. Gülzada Stanaliyeva- Ара окутуучу докт., Гүлзада Станалиева

• Danışma Kurulu - Кеңешчи тобу

Doç. Dr. Erdoğan Akman-Доц. докт., Эрдоган Акман

Doç. Dr. Gökçe Yoğurtçu-Доц. докт., Гөкче Йогуртчу

Doç. Dr. Niyazi Ayhan-Доц. докт., Ниязи Айхан

Öğr. Gör. Dr. Bakıt Orunbekov- Ара окутуучу докт., Бакыт Орунбеков

• Editör-редакторлор

Öğr. Gör. Dr. Topçugül Narmamatova - Ара окутуучу докт., Топчугүл Нармаматова

Arş. Gör. Zeki Okyay-кенже илимий кызматкер Зеки Окяй

• Editör Yardımcıları-Редактордун орун басары

Esenbol Nurbek Uulu-Нурбек уулу Эсенбол

Altınay Nurdinova-Алтынай Нурдинова

• Çeviri-котормочулар

Mehrafruz Nabieva-Мехрафруз Набиева

Erlan Bekten Uulu- Эрлан Бектен уулу

Bekzat Akimaliyev- Бекзат Акималев

• Gazete Tasarımı-дизайн

Ravşan Abdullayev

• Muhabirler-корреспонденттер

Kanışay Akmataliyeva-Каныкшай Акматалиева

Aygerim Mamatova-Айгерим Маматова

Eliza Bekişova- Элиза Бекишова

Aydana Musaliyeva- Айдана Мусалиева

Cakşılık Zamirbekov-Жакшылык Замирбеков

Ayzirek Abdıkalil Kızı-Айзирек Абдыкалил кызы

Meerim Kabılova- Мээрим Кабылова

Adina Matişova-Адина Матишова

Ayzat Lesbekova-Айзат Лесбекова

Eda Can-Эда Жан

• Yazışma Bilgileri

KTMÜ Cengiz Aytmatov Kampüsü İletişim Fakültesi, Bişkek Tel +996 (312) 492756/1164

## Көкбөрү



Өмер Куфреви

## Көчүү




Өмер Куфреви

## Кыргызстандын жайлоосундагы күнүмдүк жашоо



Өмер Куфреви